**Кыргызстан Эл аралык университетинин, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин алдында түзүлгөн Д 12. 20. 614 юридика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын берүү үчүн түзүлгөн Диссертациялык Кеңешинин эксперттик комиссиясынын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Минбаев Советбек Аблазовичтин «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» аттуу темасындагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУ

**Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы төмөнкү түзүмдө:**

**Төрага:** Асаналиев Тилек Асаналиевич, юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

Баетов Аяз Батыркулович, юридика илимдеринин доктору, доцент;

Юлдашов Кобилжан Камалидинович, юридика илимдеринин кандидаты, 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Минбаев Советбек Аблазовичтин **«Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)»** темасындагы диссертациясын изилдеп төмөнкү корутундуларга келди:

**1. Эмгектин диссертациялык кеңешке берилген укук боюнча диссертацияны жактоого кабыл алуу адистигине туура келгендиги.**

Минбаев С. А. «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» темасындагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин адистигине туура келет.

Эмгекте Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн түшүнүгү, укуктук негиздери, тарыхы, теориясы, маңыз-мазмуну, изилденүүсү чагылдырылып, 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

ВХОДЯЩИЙ № 54
10 02 2021 г.

Диссертациянын максаты-Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү ишмердүүлүгүнүн тарыхый-укуктук негиздерин изилдөө, укуктук-салыштырма изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына комплекстүү укуктук-теориялык изилдөөнү жүзөгө ашыруу болуп саналат.

Коюлга максаттар диссертациядагы төмөнкү **маселелерди** чечүү менен ишке ашкан:

-Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунунун тарыхый-укуктук аспектилерин изилдөө;

-Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндө лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумдун ордун аныктоо;

-каралып жаткан ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү түшүнүк жана терминологиялык аппараттарды талдоо;

- лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүккө мүнөздүү изилдөө жүргүзүү;

-ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдарга талдоо жүргүзүү;

- ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн тутумунун маселелери боюнча боюнча эл аралык мыйзамдардын ченемдерин жана чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын окуп үйрөнүү;

-Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк иштерин ишке ашыруу боюнча практикалык ишмердүүлүгүн окуп үйрөнүү;

- лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумдун объектилерин көзөмөлдөөчү ишмердүүлүккө катышкан ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ж.б. бөлүмдөрүнүн уюштуруучулук ишмердүүлүгүн өркүндөтүү жолдорун аныктоо;

- ички иштер органдарынын изилденип жаткан ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик-укуктук базасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун теориялык жана практикалык маселелери Кыргыз Республикасынын укуктук илимине биринчи жолу диссертациялык изилдөө болуп киргизилип жаткандыгы эсептелинет. Бул иш ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк бөлүмүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруу менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөнүн тобу болуп саналат. Мында мыйзам өндүрүшүндөгү боштуктар жана аларды чечүүнүн так укуктук жолдору аныкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин таануунун диалектикалык-материалисттик ыкмасы түзөт: тутумдук жана структуралык;

салыштырмалуу укуктук; Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчү бөлүмдөрүнүн ишин тутумдаштырылган ыкма жана талдоо менен айкалыштырып, бардык ченемдик документтерди жана материалдарды изилдөөнүн тарыхый-укуктук, логикалык-теориялык ыкмасы түзөт.

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине изилдөөнүн адистигине болгон талаптары туура келет.

**2. Диссертациялык темасынын актуалдуулугу** күмөн жаратпайт. Себеби Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, адамдын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп саналат. Өлкөбүздүн негизги мыйзамы укук субъектүүлүктүн негизги принциптерин бекемдейт: адамдын укуктары менен эркиндиктерин абсолюттук жана ажыратылгыс деп таануу, түздөн-түз иш алып баруу, ошондой эле мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маанисин жана мазмунун аныктоо. мамлекеттик органдар; укуктарды жана эркиндиктерди мыйзамга каршы келбеген бардык каражаттар менен коргоо укугун таануу, анын ичинде зарыл коргонуу, ошондой эле менчиктин кол тийбестиги, өз мүлкүнөн өзүм билемдик менен ажыратуу мүмкүн эместик принциптери.

Мыйзамдуулукту андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү мыйзамдуулуктун принциптерин ишке ашырууну болжолдойт, алардын эң негизгиси адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин максималдуу жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат. Жеке адам тарабынан анын укуктары менен эркиндиктерин толук жүзөгө ашыруу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу тиешелүү укуктук механизмди түзүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-пунктуна ылайык, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, ден-соолукту жана адеп-ахлактуулукту, калкты жана башкалардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен гана чектелиши мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек.

Албетте, алар үчүн жарандык, кызматтык куралдардын жана ок-дарылардын, жарылуучу заттардын, жарандык пиротехникалык заттардын жана аларды пайдалануу менен жасалган буюмдардын жүгүртүлүшү; түстүү сүрөттөр үчүн көбөйтүү жана көчүрүү жабдуулары менен жабдылган көбөйтүү сайттарынын иши; уулуу, баңги, психотроптук заттар жана прекурсорлор; ок атуучу жана атуучу тирлерди, атуу жана аңчылык аянтчаларын ачуу жана

иштетүү; штамп жана гравюралар боюнча устаканалар өтө зарыл, анткени алар адамдарга чыныгы пайда алып келет. Ошол эле учурда, мындай объектилер, эгерде алар туура эмес колдонулса, адамдарга олуттуу зыян келтириши мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек.

Изилденип жаткан теманын буга чейин теориялык жактан жетиштүү эмес деңгээлде иштелип чыккандыгы ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнө жана анын регламентинин нормативдик-укуктук негиздеринине жеткиликтүү деңгээлде анализ жүргүзүүнү талап кылат. Бул ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн кээ бир чөйрөсүнүн укуктук мамилелеринин жогорку деңгээлдеги өнүгүүсү, жаңы ченемдик-укуктук актылардын кабыл алынышы, алардын туура чечмелениши жана талкууланышы менен аныкталат.

Аталган жагдайлар менен тандалган теманын актуалдуулугу жана анын жыйынтыктарынын маанилүүлүгү шартталды.

**3. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун теориялык жана практикалык маселелери Кыргыз Республикасынын укуктук илимине биринчи жолу диссертациялык изилдөө болуп киргизилип жаткандыгы эсептелинет. Бул иш ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк бөлүмүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруу менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөнүн тобу болуп саналат. Мында мыйзам өндүрүшүндөгү боштуктар жана аларды чечүүнүн так укуктук жолдору аныкталган.

Жумуштун жаңылыгы коргоого чыгарылып жаткан негизги жоболордо камтылган, жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасы менен да аныкталат.

Эмгектин жыйынтыгы мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, лицензиялык-уруксат берүү тармагынын өнүгүүсү үчүн чоң мааниге ээ болгон төмөнкүдөй илимий-негиздүү теориялык жыйынтыктар жасалган.

**1-жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунунун тарыхый-укуктук аспектилери изилденди.

**2-жыйынтык.** Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү милициянын атайын айгарым укуктуу бөлүмдөрү тарабынан лицензиялык-уруксат берүү тутум тарабынан орнотулган эрежелерди системалуу көзөмөлдөө, укук бузууларды алдын алуу жана тиешелүү мамлекеттик мажбурлоо чараларын көрүү боюнча аракеттердин топтому катары аныкталды.

**3-жыйынтык.** Ок атуучу курал жарактарды сатып алуу, сактоо жана алып жүрүү үчүн уруксат берүү эрежелерине кошумча талаптарды киргизүү

зарылчылыгы негизделди. Атап айтканда, 1999-жылдын 9-июну №49 Кыргыз Республикасынын "Курал жөнүндө" мыйзамына ок атуучу курал жарак сатып алууну каалаган жакка комиссиялык медициналык текшерүү милдеттүүлүгү боюнча сунуш киргизилди.

**4-жыйынтык.** Текст жана жеке маалымдоо каражаттарында чагылдырылган маалыматтарды кыска мөөнөттүн ичинде жайылтуу, өндүрүү үчүн атайын техникалык мүнөзгө, параметрлерге ээ жана түстүү көчүрүү, басма материалдардын топтому катары "Түстүү басмадагы көбөйтүүчү-нускалоочу техника" түшүнүгү калыптандырылды.

**5-жыйынтык.** Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумун оптималдаштыруу, лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүктүн формасын жана усулдарын өркүндөтүү үчүн Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү концепсиясын иштеп чыгуу сунушу аргументтештирилди.

**6-жыйынтык.** Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумун өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталды.

**4. Диссертацияда иштелген изденүүчүнүн ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун), тыянактын жана корутундунун негизделгендигинин жана ишеничтүүлүгүнүн даражасы.**

**1-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү күмөн жаратпайт, анткени тиешелүү илимий-теориялык адабияттар, чет өлкөлөрдөгү монографиялык изилдөөлөр талданып алынган.

**2-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү шексиз, бул жыйынтык биринчи булактардын жана илимий адабияттардын тобун кеңири изилдеп алынган.

**3-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү чет өлкөлөрдүн илимий адабияттарын, лицензиялык-уруксат берүүчүлүк чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүн талдоо менен тастыкталат.

**4-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, анткени түрдүү авторлордун көз караштарын, ой-пикирлерин салыштыруунун жана критикалык талдоонун негизинде иштелип чыккан.

**5-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, себеби мамлекеттин жана укуктун теориясынын укук ченемдеринин анализинин негизинен келип чыккан.

**6-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, анткени теориялык жана практикалык материалдарды изилдөөнүн негизинде жаралган.

**7-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү күмөн жаратпайт, себеби укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн негизинин жыйынтыгы болуп саналат.

**5. Диссертацияда изденүүчү тарабынан жасалган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңылык даражасы.**

**1-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет, анткени биринчи булактарды жана илимий изилдөөлөрдү изилдөөнүн негизинде иштелген, себеби Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу ыкмалары каралган.

**2-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча автордун көз караштары камтылган.

**3-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет. Автор Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү боюнча жакынкы чет өлкөлөрдүн укуктук-ченемдик актыларын, документтерин изилдеди.

**4-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат, себеби ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери негизделген.

**5-жыйынтык.** Жаңы деп эсептелет, анткени Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү биринчи жолу диссертациялык деңгээлде талданган.

**6-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат, себеби биринчи жолу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери боюнча ата мекендик мыйзамчыгаруучулуктун талдануусу диссертациялык деңгээлде жүргүзүлгөн.

**7-жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелет, анткени укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн жыйынтыгынан келип чыккан.

**6. Иштелген жыйынтыктардын ички биримдигинин жана багытталгандыгынын теоретикалык жана колдонмо маселенин тийиштүү актуалдуу көйгөйлөрүн чечүүгө болгон баасы.**

С. А. Минбаевдин диссертациясынын жоболору ички биримдиги менен мүнөздөлөт, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндөгү лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун түшүнүгү, мазмуну жана орду, Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун иш алып барышына тарыхый-укуктук анализ, чет өлкөлөрдүн лицензиялык-уруксат берүү тутумдарын укуктук жөнгө салуу, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат

берүүчүлүк ишмердүүлүгүн уюштуруу, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк иштерин жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктары, лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун объектилерине жана предметтерине(буюмдарга) болгон көзөмөлдүн тартиби жана өзгөчөлүгү, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумун өркүндөтүүнүн негизги багыттары аныкталгандыгын белгилейт.

Диссертация бир катар илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтып, юридика илимине автордун жеке салымынын маанилүүлүгүн тастыктайт. Автордун сунуштары жана тыянактары көрсөтүлгөн укуктун тармагынын актуалдуу илимий-теориялык көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Илимий изилдөө өз алдынча бүтүн мүнөзгө ээ, бардык суроолор логикалык түзүлгөн, өз ара байланышкан жана коюлган максатка жетүү үчүн жетиштүү мүнөзгө ээ. Автор топтолгон теориянын жана практиканын талдамасынан изилдөөнүн объектисинин формалдашуусуна жана тийиштүү сунуштарды иштеп чыгууга киришкен.

**7. Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү.**

С. А. Минбаевдин кандидаттык диссертациясында алынган илимий жыйынтыктар төмөнкүлөрдө колдонулуусу мүмкүн:

Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери боюнча иштелип чыккан сунуштар жана тыянактар төмөнкүлөрдө пайдалуу болуусу мүмкүн: Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү ишмердүүлүгүндө; лицензиялык-уруксат берүү тутумунун көйгөйлөрү боюнча изилдөөнү ишке ашырууда; юридикалык багыттагы ЖОЖдордун жана факультеттердин окуу процессинде.

**8. Диссертациянын мазмуну төмөнкү автордун публикацияларында чагылдырылган:**

1. **Минбаев, С. А.** О разрешительной системе в обычном праве кыргызов.[Текст] / С. А. Минбаев, Г. К. Кулдышева // Отечественная юриспруденция 2019. – Москва, № 2 (34) 2019. С.5-8.
2. **Минбаев, С. А.** Сравнительный анализ правовой регламентации лицензионно-разрешительных систем. [Текст] / С. А. Минбаев // Евразийский

   Юридический журнал 2019. – Москва, 2019. Вып. №9 (136) С.67-69.
3. **Минбаев, С. А.** Актуальные вопросы исследования лицензионно-разрешительной деятельности в органах внутренних дел Кыргызской Республики.[Текст] /С. А. Минбаев // «Евразийское Научное Объединение» –

Москва, 2020. - № 9 (67). С.275-276.

**4. Минбаев, С. А.** О понятии лицензионно-разрешительной деятельности. [Текст] /С. А. Минбаев //«Евразийское Научное Объединение» – Москва, 2020. - № 9 (67). С.277-279.

**5. Минбаев, С. А.** Лицензионно-разрешительная деятельность в зарубежных странах. [Текст] / С. А. Минбаев //«Евразийское Научное Объединение» -Москва, 2020. – № 10 (68). С.367-368.

**6. Минбаев, С. А.** Регулирование частно-ссыскной деятельности в зарубежных странах. [Текст] / С. А. Минбаев ////«Евразийское Научное Объединение» -Москва, 2020. – № 10 (68). С.369-371.

**7. Минбаев, С. А.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү иши жөнүндө маселеге карата. [Текст] / С. А. Минбаев //Вестник ОшГУ. – Ош, 2020. С.234-237

**8. Минбаев, С. А.** Көзөмөлдөө - Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк бөлүмүнүн негизги маселеси катары [Текст] / С. А. Минбаев // Вестник ОшГУ. – Ош, 2020. С.238-241.

**9. Минбаев, С. А.**Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү ишмердүүлүгүн-дөгүконтролдук функциясы[Текст] / С. А. Минбаев// Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр. Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы.-Бишкек №4, 2020 I бөлүм. С.93-99

**9. Диссертациянын мазмунуна авторефераттын туура келгендиги**

Авторефераттын мазмуну боюнча айтылган сунуштар жана байкоолор эске алынган. Автореферат бирдей мазмундагы кыргыз жана англис тилиндеги резюмеге ээ.

**10. Жетектөөчү уюмдун, расмий оппоненттердин бекитилүү сунушунун негизделгендиги**

- Диссертациялык кеңештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары Кыргыз Республикасынын Э.А.Алиев атындагы ИИМдин Академиясынын мамлекеттик укуктук сабактар кафедрасын сунуштайт.

- Биринчи расмий оппонент катары –юридика илимдеринин доктору, профессордун м.а. Кыргыз Республикасындагы Эл аралык университетинин кафедра башчысы Баетов Аяз Батыркулович (авторефераттын адистиги – 12.00.01).

- Экинчи расмий оппонент катары –юридика илимдеринин кандидаты, К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин эл аралык укук жана медиация кафедрасынын башчысы Сулайманов Куватбек Алимович (авторефераттын адистиги – 12.00.01).

Кыргызстан Эл аралык университетинин, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана К. Ш. Токтоматов атындагы Эл аралык университетинин алдында түзүлгөн Д 12. 20. 614 юридика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын берүү үчүн түзүлгөн Диссертациялык Кеңешине эксперттик комиссиянын төрагасы, юридика илимдеринин доктору, профессор Т. А. Асаналиев 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы, адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн С. А. Минбаевдин «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» темасындагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууга сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:**
Юридика илимдеринин доктору, профессор Асаналиев Т. А.

9. 02. 2021

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн колун тастыктаймын:
Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы,
юридика илимдеринин кандидаты, доцент Пазылов Н.А.

**К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, Кыргызстан Эл аралык университетинин жана Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин алдындагы Д.12.20.614 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Минбаев Советбек Аблазовичтин «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» аттуу темасындагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУ

**Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы төмөнкү курамда:**

**Төрага-**Асаналиев Тилек Асаналиевич, юридика илимдеринин доктору, профессор;

**Комиссиянын мүчөлөрү** – Баетов Аяз Батыркулович, юридика илимдеринин доктору, профессордун м.а.; Юлдашов Кобилжан Камалидинович, юридика илимдеринин кандидаты, 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Минбаев Советбек Аблазовичтин «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» темасындагы диссертациясын изилдеп, төмөнкү корутундуларга келди:

**1. Эмгектин диссертациялык кеңешке берилген укук боюнча диссертацияны жактоого кабыл алуу адистигине дал келгендиги.**

Минбаев Советбек Аблазовичтин «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» темасындагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин адистигине дал келет.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери изилденип, 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун азыркы абалына талдоо жүргүзүү менен ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

ВХОДЯЩИЙ № 56
10 02 2021

Изилдөөнүн объектиси - ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү чөйрөсүндө өнүгүп жаткан коомдук мамилелер.

Изилдөөнүн предмети болуп Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдер саналат.

Изилдөөнүн усулу учурдагы таанып билүүнүн теорияларын өзүнө камтыган: тарыхый, салыштырма укуктук, укуктук-логикалык,тутумдук – түзүмдүк, формалдуу-логикалык жана башка усулдар колдонулган.

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине изилдөөнүн адистигине болгон талаптары туура келет.

**2 Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Дүйнөдө көптөгөн курал-жарактар, жарылуучу жана ууландыруучу заттар жана материалдар бар, алар зарыл жана пайдалуу касиеттерге ээ: алар адамдын, коомдун жана мамлекеттин өмүрүн жана ден-соолугун коргоого арналган, кен казуу үчүн колдонулат дары-дармек жана башка пайдалуу заттарды өндүрүү боюнча өндүрүштүк иш-чаралар товар катары кызмат кылат. Ошол эле учурда, эгер алар туура эмес колдонулса (иштетилсе), алар адамдарга жана айлана-чөйрөгө олуттуу зыян келтириши мүмкүн. Демек, кайсы гана мамлекетте болбосун, аларга мамиле кылуу үчүн атайын шарттарга жана чараларга, бул жаатта белгиленген мыйзамдуулукту жана тартипти сактоо үчүн атайын катуу режимди жана көзөмөлдү түзүүгө объективдүү муктаждык бар.

Ички иштер органдарында жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо үчүн лицензиялоо жана уруксат берүү үчүн атайын бөлүмдөр түзүлүп, жеке детективдик жана күзөт иш-аракеттерине көзөмөл жүргүзүлөт. Укуктук ишмердүүлүгүндө алар Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин көптөгөн мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алышат жана лицензиялоо чөйрөсүндө белгиленген тартипти сактоо максатында коомдук бирикмелер жана жарандар көптөгөн мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенишет.

**3.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун теориялык жана практикалык маселелери Кыргыз Республикасынын административдик-укуктук илимине биринчи жолу диссертациялык изилдөө болуп киргизилип жаткандыгы эсептелинет. Бул иш ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк бөлүмүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруу менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөнүн тобу болуп саналат. Мында мыйзам өндүрүшүндөгү боштуктар жана аларды чечүүнүн так укуктук жолдору аныкталган.

Жумуштун жаңылыгы коргоого чыгарылып жаткан негизги жоболордо камтылган, жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасы менен да аныкталат.

**1-жыйынтык.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү

коомдун, мамлекеттин жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу тууралуу тыянак негизделинди.

**2-жыйынтык** Ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун артыруу максатында бир катар сунуштар иштелип чыккан.

**3-жыйынтык**. Диссертант тарабынан ок атуучу, пневматикалык, газ куралдарына, ок атуучу жана газ куралына керектелчү ок-дарыларга лицензия жана уруксат берүү өзгөчөлүктөрү белгиленилди.

**4-жыйынтык** Коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына каршы, ок атуучу, муздак куралдарды колдонуу менен жасалган кылмыштарды жасоого жол бербөөгө багытталган шарттардын, негиздердин тизмегин кеңейтүүнүн максаттуулугу далилденди.

**5-жыйынтык**. Ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндөгү натыйжалуулугун жакшыртуу максатында бир катар чененмдик актыларга өзгөртүү толуктоолорду киргизүү сунушталган.

**4. Диссертацияда иштелген изденүүчүнүн ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун), тыянактын жана корутундунун негизделгендигинин жана ишеничтүүлүгүнүн даражасы.**

**1-жыйынтык.** Негиздүү, анткени ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуудагы маанилүү суроолорду талдоонун натыйжасында алынган.

**2-жыйынтык.** Диссертациялык изилдөөдө жалпы тартипте Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн анализи такталды. Далилдүү, себеби бул көйгөйгө карата илимий көз караштардын жана укук колдонуучулук тажрыйбанын кеңири анализине негизделген.

**3-жыйынтык.** Негиздүү жана ынанымдуу. Учурдагы ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндөгү функционалдык милдеттерин, ыйгарымдарын талдоонун натыйжасында алынган.

**4-жыйынтык.** Негиздүү, анткени ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндөгүнүн жалпылоонун натыйжасында алынган.

**5-жыйынтык.** Негиздүү, анткени ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуунун абалын, эл аралык тажрыйбаларды, учурдагы көйгөйлөрдү талдоонун натыйжасында негизделген.

**5. Диссертацияда изденүүчү тарабынан жасалган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңылык даражасы.**

**1-жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелет, анткени ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндөгү адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун негизги механизми болуп, мыйзамдуулук жана ачык айкындыкты камсыз кылууну саналат.

**2-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат, анткени ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндөгү анын укуктук абалы ички жана сырткы факторлордон көз карандуулукта экендиги аныкталган.

**3-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндөгүнүн негизги багыты катары калктын коопсуздугун камсыз кылуу саналат, аны көзөмөл кылуунун функциясын жакшыртуу сыпатталган.

**4-жыйынтык.** Автор тарабынан "Лицензиялык-уруксат берүү" түшүнүгүнүн укуктук аныктамасын туюндуруу зарылдыгы менен такталды. Далилдүү, себеби лицензиялык-уруксат берүү тармагындагы мыйзамдардын комплекстүү анализинин негизинде түзүлгөн.

